## Материалдык техникалык базаны чыңдоо.

Жыл ичинде мектепте болгон мектеп мебелдерин сактоо боюнча иш-чаралар дайыма жүргүзүлүп турду.Анын натыйжасында бардык мебелдер бүтүн сакталууда.Ар бир айдын аягында мектепте генералдык тазалоолор жүргүзүлүп турууда.

Ар бир класс-кабинеттер эстетикалык жактан азыркы талапка ылайык жасалгаланып турат.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен башталгыч класстарга ысык тамак уюштуруу үчүн ашкананы 258 000 (эки жүз элүү миң) сомго ашкана толугу менен ремонттолду.

Мерсико уюму тарабынан 205 575 (эки жүз беш миң беш жүз жетимиш беш миң) сомго техникалык каражаттар берилди.

2019-2020-окуу жылында 260 000 (эки жүз алтымыш миң) сомго мектептин ички жана сырткы электр жарыктары ремонттолду.

2019-2020-окуу жылында башталгыч класстардын беш кабинетине ата-энелер 85 700 (сексен беш миң жети жүз) сомго телевизор алып беришти.

2019-2020-окуу жылында мектептин бюджетинин эсебинен 42 300 (кырк эки миң үч жүз) сомго эки кабинетке мебель коюлду.

2020-2021-окуу жылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 000 000 млн. (бир миллион) сомго мектептин жарым корпусунун жылытуу системасы толугу менен алмаштырылды.

2021-2022-окуу жылында мектептин 10 жыл, 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү 50 000 (элүү миң) сомго усулдук бөлмөнү форекс стенди менен жабдып, мектептин тегерегине окуучулар үчүн отургучтуктарды орнотуп беришти.

Ата-энелер бюджетинин эсебинен фойеде стенддер форекске алмаштырылды. Ата-энелер тарабынан 1-класска теевизор алынып, тарых кабинетинин терезесине жалюзи коюлду.

Демөөрчүлөр тарабынан 1-кабаттагы коридордун жана ашканадагы терезелерге пардалар жаңыртылды. 20 000 (жыйырма миң) сомго спорт инвентарлар менен камсыздалынды.

Быйылкы жаңы окуу жылына карата Министрликтин жарлыгы менен 20 компьютер, проектор, интерактивдүү доска жана принтер келгени турат. Эмерек, стулдарын орнотуп кетишти.